**Долбоор**

# БИШКЕК ШААРЫНЫН МЭРИЯСЫНЫН ТОКТОМУ

## Мамлекеттик менчикте турган, Бишкек шаарынын мэриясына убактылуу акысыз пайдаланууга берилген суу фондунун жер участокторун ижара шартында мөөнөттүү (убактылуу) пайдаланууга берүү тартиби жана шарттары жөнүндө жобону бекитүү жөнүндө

Мамлекеттик менчикте турган жана Бишкек шаарынын мэриясына убактылуу акысыз пайдаланууга берилген суу фондунун жер участокторун натыйжалуу башкаруу жана пайдалануу максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 18-февралындагы №79 «Бишкек шаарынын чектериндеги суу фондунун жер участокторун пайдалануу маселелери жөнүндө» токтомуна, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы №115 «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө» токтомуна, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 44-беренесине ылайык, токтом кылам:

1. Мамлекеттик менчикте турган, Бишкек шаарынын мэриясына убактылуу акысыз пайдаланууга берилген суу фондунун жер участокторун ижара шартында мөөнөттүү (убактылуу) пайдаланууга берүү тартиби жана шарттары жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Ушул токтом каттоодон өткөрүлсүн жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтүлсүн.
3. Бишкек шаарынын мэриясынын борбордук аппаратынын маалыматтык саясат бөлүмү ушул токтомду Бишкек шаарынын мэриясынын расмий сайтына жарыяласын.
4. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Бишкек шаарынын мэриясынын борбордук аппаратынын уюштуруу-контролдоо иштери башкармалыгына жүктөлсүн.
5. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Мэр** **А.Дж. Джунушалиев**